ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

---

УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР БОЮНЧА КОМИССИЯ

**ОНУНЧУ ЖЫЙЫН**

**2023-жыл 9-март, Анкара (онлайн)**

**Отчёт**

# ТҮРКПАНЫН 15 ЖЫЛДЫГЫ
# МҮЧӨ МАМЛЕКЕТТЕРДИН АРАСЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК

## I. Киришме

Кыргызстандын Чолпон-Ата шаарында өткөн ТүркПАнын 11-Пленардык отурумунда кабыл алынган Катчылыктын 2023-жылга карата иш планына ылайык ТүркПАнын Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын онунчу жыйынын Стамбулда өткөрүү деген чечим кабыл алынган жана бул календардык иш-планга киргизилген. “ТүркПАнын 15 жылдыгы: мүчө мамлекеттердин арасындагы кызматташтык” деген тема бекитилген.

Түрк мамлекеттеринин Парламенттик ассамблеясы (ТүркПА) көп тараптуу мамилелердин негизинде көз карандысыз түрк мамлекеттеринин парламенттер аралык институту. Бул жагынан алганда, парламенттер ортосундагы көп тараптуу мамилелердин институтташтырылган өлчөмү болуп саналат. ТүркПА башка эл аралык парламенттик институттар сыяктуу эле парламенттик дипломатиянын көрүнүшү болуп саналат. ТүркПА бүгүнкү күндө регионалдык көйгөйлөргө көзөмөл жүргүзүү менен алектенет жана регионалдык интеграция үчүн мыйзамдарды жана саясатты шайкеш келтирет. Мындан тышкары, мыйзам чыгаруу, шайлоолорго байкоо

жүргүзүү жана ак ниет башкаруу маселелери боюнча сунуштарды киргизүү ТүркПАнын иш багыттарына да кирет.

ТүркПА регионалдык эл аралык уюм болуу менен бирге парламенттик дипломатиянын эл аралык баалуулуктарын алып жүрүүчү болуу жагынан да маанилүү.

Бул отчёт ТүркПАнын 15 жылдык тарыхый процесстеги мүчө мамлекеттердин кызматташтыгына тийгизген таасирин баалоо үчүн маалыматтарды чогултуу максатталган. ТүркПАнын иш-чараларын беш иш-чара алдында чогултууга болот:

1) Пленардык отурумдар

2) Комиссиялардын иши

3) Шайлоого байкоо жүргүзүү

4) Түрк кызматташтык институттарынын координациялык ишмердүүлүгү

5) Эл аралык байланыштар чөйрөдөгү иш-чаралар

ТүркПАнын өткөн он беш жылдык мезгилде коммуникациянын жана кызматташтыктын негизинде пайда болгон жетишкендиктер мүчө өлкөлөрдүн жалпы келечегинин идеяларын азыктандырат. ТүркПА жалпы күн тартибин түзүү жана бул кызматташтыктын кошумча наркын түзүү аркылуу регионалдык жана глобалдык парламенттик кызматташтыкта оперативдүү ырааттуулукту жана натыйжалуулукту жогорулатууну колдойт.

## 1. Пленардык отурумдар

Бүгүнкү чейин ТүркПАнын алкагында жалпысынан он бир пленардык отурум өттү. Генералдык Ассамблея жогорку башкаруучу орган болуп саналат, анткени анын курамына делегация катары тараптардын улуттук парламенттеринин башчылары кирген Ассамблея Кеңеши да кирет. Ар бир парламенттик делегация бирдей укуктарга, бир добушка ээ жана бардык чечимдер ачык кабыл алынат, Генералдык Ассамблея жылына бир жолудан кем эмес чогулат.

Мындан тышкары, Генералдык Ассамлеядагы тапшыруу аземинде түрк мамлекеттеринин мыйзамдарын сактоонун маанилүү принцибинин алкагында түрк мамлекеттеринин ортосундагы мамилелерди чыңдоого жана мамилелерди өнүктүрүүгө салым кошкондорго медалдар жана алардын күбөлүктөрү тапшырылат.

**a) ТүркПАнын биринчи Пленардык отуруму (2009-жыл 29-сентябрь, Баку)**

Түрк мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеянын (ТүркПА) биринчи Пленардык отуруму Азербайжан Республикасынын борбор Баку шаарында 2009-жылдын 29-сентябрында өттү.

Жыйында Азербайжан Республикасынын Милли Мажлисинин Төрагасы Октай Асадов мырза, Казакстан Республикасынын Парламенти Мажилисинин Төрагасы Урал Мухамеджанов мырза, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Айтибай Тагаев мырза, Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Мехмет Али Шахин мырза, мүчө парламенттердин депуттары жана парламенттердин административдик кызматкерлери катышты.

Генералдык Ассамблеяда ТүркПАнын Уставы, Катчылыктын жобосу, ошондой эле Башкы катчыны жана Башкы катчынын орун басарларын шайлоо маселеси каралды. Жыйында чыгып сүйлөгөндөр күн тартибиндеги маселелер боюнча өз ойлорун билдирип, сунуштарын айтышты. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында ТүркПАнын Регламенти, Катчылык жобосу жана жылдык бюджети кабыл алынды. Мындан тышкары Баку декларациясы кабыл алынды.

**b) ТүркПАнын экинчи Пленардык отуруму (2011-жыл 27-28-апрель, Астана)**

ТүркПАнын экинчи Пленардык отуруму Казакстан Республикасынын борбор Астана шаарында 2011-жылдын 27-28-апрелинде өттү.

Пленардык отурум Азербайжандын, Казакстандын жана Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына арналды.

Пленардык отурумда Азербайжан Республикасынын Милли Мажлисинин Төрагасы Октай Асадов мырза, Казакстан Республикасынын Парламентинин Төрагасы Урал Мухамеджанов

мырза, Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрагасы Кайрат Мамин мырза, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Ахматбек Келдибеков жана Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Мехмет Али Шахин мырза жана парламенттик делегациялар катышты. ТүркПАдагы Төрагалык Ассамблея Кеңешинин учурунда Азербайжан Республикасынан Казакстан Республикасына тапшырылып берди.

Ошондой эле, Ислам Конференциясы Уюмунун Парламенттик Бирлигинин Башкы катчысы Махмуд Эрол Кылыч, Түрк мамлекеттеринин Уюмунун Башкы катчысы Элчи Халил Акынжы, Азиядагы өз ара аракеттенүү жана ишеним чаралары кеңешмесинин Башкы катчысынын орун басары Серхад Варлы, ТҮРКСОЙ Башкы катчысынын орун басары Фырат Пурташ атайын коноктор катары катышты.

Пленардык отурумда Башкы катчылыктын 2011-2012-жылдарга болжолдонгон бюджети, Башкармалыктын жобосуна жана Катчылыктын жобосуна тиркемелер жана өзгөртүүлөр, ТүркПАнын расмий желеги жана эмблемасы кабыл алынды. Мындан тышкары ТүркПАнын төрт жаңы туруктуу комиссиясы түзүлдү. Жаңы жобо негизинен туруктуу комиссиялардын ыйгарым укуктарын жана иш багыттарын аныктайт.

Стамбул келишимине жаңы толуктоолор менен БУУнун расмий тилдеринин бири болгон англис тили ТүркПАнын расмий тилдерине кошулду жана ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин делегацияларынын саны жетиден тогузга чейин көбөйтүлдү жана Казакстан Республикасынын Сенатынын Төрагасы ТүркПА Ассамблея Кеңешинин мүчө катары киргизилди.

### c) ТүркПАнын үчүнчү Пленардык отуруму (2012-жыл 14-15-июнь, Бишкек)

ТүркПАнын үчүнчү Пленардык отуруму Кыргыз Республикасынын борбор Бишкек шаарында 2012-жылдын 14-15-июнунда өттү.

Пленардык отурумдун иш-чарасында Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрагасы Октай Асадов, Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасы Нурлан Нигматулин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Асылбек Жээнбеков жана Түркия Улуу Улуттук Жыйынын

Төрагасы Жемил Чичектин жетекчилигинде расмий делегациялар, ошол эле учурда Түрк мамлекеттеринин уюмунун, ПУИК, ПАБСЕК жана башка эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышышты. ТүркПА төрагалыгы Казакстан Республикасынан Кыргыз Республикасына тапшырылды.

ТүркПАнын Шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясынын Түркия, Кыргызстан жана Казакстанда өткөн президенттик жана парламенттик шайлоолор боюнча акыркы чечимдери жарыяланды. Генералдык Ассамблеянын сессиясында Башкы Катчылыктын 2013-жылга карата бюджетинин долбоору жактырылды. Туруктуу комиссиялардын төрага орун басарлары шайланды, жыйындын соңунда Бишкек декларациясы кабыл алынды.

**d) ТүркПАнын төртүнчү Пленардык отуруму (2013-жыл 11-12-июнь, Анкара)**

ТүркПАнын төртүнчү Пленардык отуруму Түркия Республикасынын борбор Анкара шаарында 2013-жылдын 11-12-июнунда өттү.

Пленардык отуруму Стамбул макулдашуунун жана ТүркПАнын түзүлгөндүгүнүн 5 жылдыгына арналган.

Пленардык отурумга Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрагасы Октай Асадов жетектеген Азербайжан Республикасынын делегациясы, Казакстан Республикасынын Мажилисинин Төрагасы Нурлан Нигматулин жетектеген Казакстан Республикасынын делегациясы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Асылбек Жээнбеков жетектеген Кыргыз Республикасынын делегациясы, Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Жемил Чичек жетектеген Түркия Республикасынын делегациясы катышты. Андан тышкары, пленардык отурумга Венгриянын Улуттук Ассамблеясынын, PUIC, Түрк мамлекеттеринин уюмунун, ТҮРКСОЙдун, Азиядагы кызматташтык жана ишеним чаралары боюнча конференциянын (AIGK), PABSEC жана Бүткүл дүйнөлүк түрк жаштар биримдигинин өкүлдөрү катышты.

Пленардык отурумда Башкы Катчылыктын 2014-жылга карата бюджети кабыл алынды. Төрт жылдык мөөнөткө иштей турган жаңы Башкы катчы жана Башкы катчынын орун басарлары шайланды.

**e) ТүркПАнын бешинчи Пленардык отуруму (2014-жыл 12-13-июнь, Баку)**

ТүркПАнын бешинчи Пленардык отуруму Азербайжан Республикасынын борбор Баку шаарында 2014-жылдын 12-13-июнунда өттү.

Пленардык отурумга Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасы Кабибулла Жакупов, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Асылбек Жээнбеков жана Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Жемил Чичек катышты. ТүркПАга төрагалыгы Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынан Азербайжан Республикасынын Милли Межлисине тапшырылды.

Генералдык Ассамблеянын жыйынында Ассамблея Кеңешинин сунушу менен ТүркПАнын туруктуу курамын түзүү боюнча «Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча комиссиясынын», «Эл аралык байланыштар жана укуктук маселелер боюнча комиссиясынын» жана «Экономикалык кызматташтык боюнча комиссиясынын» структурасын түзүү боюнча чечим кабыл алынды. «Айлана-чөйрө жана табигый ресурстары боюнча комиссиясын» түзүү чечими кабыл алынды. Ошондой эле ТүркПАнын 2015-жылга карата бюджети кабыл алынган. Азербайжанда өткөн президенттик шайлоого байланыштуу шайлоого байкоо жүргүзүү күн тартипке кирди.

**f) ТүркПАнын алтынчы Пленардык отуруму (2015-жыл 3-4-декабрь, Астана)**

ТүркПАнын алтынчы Пленардык отуруму Казакстан Республикасынын борбор Астана шаарында 2015-жылдын 3-4-декабрында өттү.

Отурумда Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрагасы Октай Асадов, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Асылбек Жээнбеков, Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасынын орун басары Ахмет Айдын жана ТүркПАда байкоочу катары Венгриянын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасынын орун басары Марта Матрай катышты.

Отурмда Түрк мамлекеттеринин уюмунун, ТҮРКСОЙдун, КМШ ПААнын, Түрк академиясынын, Түрк дүйнөсүнүн инженерлер жана архитекторлор Биримдигинин, Кара деңиз Экономикалык Кызматташтык уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын (PABSEC) жана Эл аралык миграция уюмунун (МОМ) өкүлдөрү катышты.

Кеңештин отурумунда төрагалык Азербайжандын Милли Межлисинен Казакстандын Парламентинин Мажилисине тапшырылды.

Кеңештин жыйыны ошондой эле ТүркПАнын эмгек сиңирген медалын тапшыруу менен коштолду. Азербайжандын Милли Межлисинин Төрагасы Октай Асадов, Казакстан Парламентинин Мажилисинин Төрагасы Кабибулла Жакупов, Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Асылбек Жээнбеков жана Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Исмет Кахраман түрк өлкөлөрүнүн элдери ортосундагы кызматташтыкты чыңдоого кошкон салымы үчүн медалдар менен сыйланышты.

Алтынчы Пленардык отурумдун күн тартибине ТүркПАнын жылдык ишмердүүлүгү жөнүндө отчёт, туруктуу комиссиялардын төрагаларын жана төраганын орун басарларын шайлоо, аталган комиссиялардын отчёторун жана сунуштамаларын кабыл алуу, ошондой эле ТүркПАнын эл аралык байкоочулар миссиясынын мүчө өлкөлөрдө президенттик шайлоо жана парламенттик шайлоолор боюнча отчёттору кирди. Пленардык отурум Астана декларациясын кабыл алуу менен аяктады.

**g) ТүркПАнын жетинчи Пленардык отуруму (2017-жыл 8-декабрь, Бишкек)**

ТүркПАнын жетинчи Пленардык отуруму Кыргыз Республикасынын борбор Бишкек шаарында 2017-жылдын 8-декабрында «Парламенттерде айкындуулук: чечим кабыл алуу процессиндеги жаңы технологиялар” аттуу темада өттү.

Отурумга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Дастанбек Джумабеков, Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрагасы Октай Асадов, Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Исмаил Кахраман, Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасынын орун басары Гүлмира Исимбаева айым, ошондой эле ТүркПАдагы

байкоочу катары Венгриянын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасынын орун басары Иштван Якаб, Өзбекстандын парламенттик делегациясын жетектеген Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруу палатасынын вице-спикери Нариман Умаров ардактуу конок катары катышты. Төрагалык Казакстан Парламентинин Мажлисинен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тапшырылды.

Отурумга Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин (ТМКК), ТҮРКСОЙдун, КМШ ПААнын, Түрк академиясынын, Түрк дүйнөсүнүн инженерлер жана архитекторлор Биримдигинин, Кара деңиз Экономикалык Кызматташтык уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын (PABSEC) жана Эл аралык миграция уюмунун (МОМ) өкүлдөрү катышты.

Пленардык отурумда Башкы катчы жана анын орун басарлары шайланды. Ошондой эле ТүркПАнын комиссияларынын төрагалары жана төрага орун басарлары бекитилди. Жыйындын соңунда Ала-Арча декларациясына кол коюлду.

**h) ТүркПАнын сегизинчи Пленардык отуруму (2018-жыл 20-21-ноябрь, Измир)**

ТүркПАнын сегизинчи Пленардык отуруму 2018-жылдын 20-21-ноябрында Измир шаарында өттү.

Иш-чарага Азербайжан Республикасынын Милли Меджлисинин Төрагасы Октай Асадов, Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилис Төрагасы Нурлан Нигматулин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Дастанбек Джумабеков, Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы, ТүркПАнын мөөнөттөгү төрагасы Бинали Йылдырым жана ошондой эле Венгриянын Улуттук Жыйынынын спикери Ласло Кёвер, ТүркПАга байкоо жүргүзүү үчүн Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасынын төрагасынын орун басары Хатамжон Кетмонов конок катары катышты.

Мындан сырткары, сегизинчи жыйынга Түрк мамлекеттеринин Кызматташтык Кеңешинин, ТҮРКСОЙдун, Түрк маданияты менен мурастары фондунун, Карадеңиз экономикалык кызматташтыгы Парламенттик Ассамблеясынын, Ислам кызматташуу уюмунун (ИКУ)

мүчө-мамлекеттердин Парламенттик бирлигинин, Түрк дүйнөсүнүн Инженерлер менен архитекторлор бирлигинин, Ахмет Ясави атындагы университеттин жана Түрк жаштарынын дүйнөлүк лигасынын өкүлдөрү катышты.

ТүркПА комиссияларынын жыйындарынын отчёттору жана сунуштамалары, ошондой эле Азербайжандагы президенттик шайлоо жана Түркиядагы президенттик жана парламенттик шайлоолор боюнча ТүркПАнын эл аралык байкоочу миссияларынын отчёттору кабыл алынды. Жыйындын соңунда сегизинчи пленардык отурумдун жыйынтыктоочу документи катары Измир декларациясы кабыл алынды.

**i) ТүркПАнын тогузунчу Пленардык отуруму (2019-жыл 18-декабры, Баку)**

ТүркПАнын тогузунчу Пленардык отуруму 2019-жылдын 18-декабрында Баку шаарында өттү. Отурмдун негизги темасы “Түрк дүйнөсүндөгү парламенттик дипломатия: Тынчтык жана коопсуздук үчүн регионалдык кызматташтыкты күчөтүү”.

Жыйынга Азербайжан Республикасынын Милли Меджилисинин Төрагасы, ТҮРКПАнын мөөнөттөгү Төрагасы Октай Асадов, Казакстан Республикасынын Парламент Мажилисинин Төрагасы Нурлан Нигматулин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Дастанбек Жумабеков, Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Мустафа Шентоп, ошондой эле Өзбекстан Республикасынын Олий Мажилиси Сенатынын Төрайымы Танзила Нарбаева конок катары катышты. Отурумга Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңеши (ТТМК), ТҮРКСОЙ, Эл аралык түрк академиясы, Түрк маданияты жана мурасы фонду, Кара деңиз экономикалык кызматташтык Парламенттик Ассамблеясы (PABSEC), ошондой эле ИКУга мүчө-мамлекеттердин Парламенттик биримдиги (PUIC), КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы (КМШ ПАА), ГУАМ жана түрк дүйнөсүнүн аялдар аянтчасынын өкүлдөрү катышты.

Отурумда комиссиялардын отурумдарынын отчёттору жана сунуштамалары, Казакстанда мөөнөтүнөн мурда өткөн президенттик шайлоо боюнча Шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясынын отчёту,

Катчылыктын жобосун кайра карап чыгуу жана Шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча жоболор кабыл алынды.

Жыйында Түрк дүйнөсүнүн материалдык эмес маданий мурастарын коргоо жана туризм боюнча моделдик мыйзамга баа берилип, кабыл алынды. Аял паралментарийлер тобу жана Жаш парламентарийлер тобу түзүлдү. Отурумдун соңунда Баку декларациясы кабыл алынды.

**j) ТүркПАнын онунчу Пленардык отуруму (2021-жыл 28-сентябрь, Түркстан)**

ТүркПАнын онунчу Пленардык отуруму 2021-жылдын 28-сентябрында Түркстанда, Түрк дүйнөсүнүн руханий борборунда өттү. Пленардык отурумдун темасы “Түрк мамлекеттердин парламенттер аралык кызматташтыктын перспективалары” деп белгиленди.

Ачылыш сөзүн Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасы жана ТҮРКПАнын учурдагы Төрагасы Нурлан Нигматулин мырза жасады. ТҮРКПАга мүчө парламенттердин башчылары - Азербайжан Республикасынын Милли Мажлисинин Төрайымы Сахиба Гафарова айым, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Талант Мамытов мырза, Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Мустафа Шентоп мырза, ошондой эле Венгриянын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасынын Биринчи орун басары Марта Матраи айым байкоочу катары жана Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасынын Төрагасынын орун басары Улугбек Иноятов мырза конок катары Пленардык отурумда сөз сүйлөдү.

Иш-чарага парламенттик делегациялар, Түрк кызматташтык уюмдарынын, байкоочу уюмдардын жана башка мекемелердин, анын ичинде - Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык Кеңешинин, ТҮРКСОЙдун, Эл аралык Түрк академиясынын, Кара деңиз экономикалык кызматташтыгынын Парламенттик Ассамблеясынын, ИКУга мүчө мамлекеттердин Парламенттик Биримдигинин, КМШнын Парламенттер аралык Ассамблеясынын, Азиядагы өз ара аракеттенүү жана ишеним чаралары боюнча конференциянын, Ахмет Ясеви атындагы эл аралык Казак-Түрк

университетинин жана Кыргыз-Түрк Манас университетинин башчылары жана өкүлдөрү катышкан.

ТүркПАнын туруктуу комиссияларынын төрагасын жана төраганын орун басарларын шайлоо бекитилди. Ошондой эле, отурумда Башкы катчы жана Башкы катчынын орун басарлары шайланды. Пленардык отурум Түркстан декларациясын кабыл алуу менен аяктады.

### k) ТүркПАнын он биринчи Пленардык отуруму (2022-жыл 24-июнь, Чолпон-Ата)

ТүркПАнын он биринчи Пленардык отуруму Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Чолпон-Ата шаарында 2022-жылдын 24-июнунда кабыл алды. Пленардык отурум “Парламенттик дипломатия – ишенимдин жана өнөктөштүктүн негизи” аттуу темада болду.

Отурумга Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрайымы Сахиба Гафарова, Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасы Ерлан Кошанов, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Талант Мамытов жана Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Мустафа Шентоп катышты.

Ассамблея Кеңешинин жыйынында ТүркПАга төрагалыгы Казакстандан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Т.Мамытовго тапшырылды. Генералдык Ассамблеяда Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясынын (ТүркПА) аталышы Түрк мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА) болуп өзгөртүлдү. ТүркПАнын 12-пленардык отуруму 2023-жылдын 27-29-апрелинде Стамбул шаарында өткөрүү чечими кабыл алынды.

Отурумдун аягында ТүркПАнын 11-пленардык отурумдун Чолпон-Ата Декларациясы кабыл алынды.

## 2. Комиссиялардын иши

ТүркПАда өздөрүнүн адистик тармагы боюнча бөлүнгөн төрт туруктуу комиссия өз ишин жүргүзөт. 2011-жылдын экинчи

жарымында адистештирилген комиссиялар ишин баштады. Үчүнчү Пленардык отурумдун күн тартибине комиссиялар жасаган биринчи отчёттор кирди.

Комиссиялар өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде маселелерди чечет жана отчёттор жана сунуштамалар түрүндөгү документтерди даярдап, Пленардык отурумдун кароосуна коюшат.

### 2.1. Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссия

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын биринчи жыйыны 2011-жылдын 19-21-декабрында Анкара шаарында болуп өттү. Жыйында «Конституциялык системадагы ТүркПА мүчө парламенттердин милдеттери менен милдеттенмелери жана депутаттардын ролу» боюнча отчёт менен сунуштамалар талкууланды.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын экинчи жыйыны 2012-жылдын 4-7-ноябрында Баку шаарында болуп өттү. Жыйында "ТуркПа мүчө парламенттердин жоболору жана парламенттердин күчү" жана "Мыйзам чыгаруу маселелерде ТүркПА мүчө мамлекеттер ортосундагы кызматташтык" боюнча отчёт менен сунуштамалар талкууланды.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын үчүнчү жыйыны 2014-жылдын 28-апрелинде Астана шаарында болуп өттү. Казакстан Парламентинин депутаты, Комиссиянын Төрагасынын орун басары Нурлан Абдировдун төрагалыгы астында өткөн жыйынга ТүркПА мүчө өлкөлөрдөн депутаттар, эксперттик делегациялар жана дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн өкүлдөрү катышты. Комиссиянын отурумунун алдын ала парламенттик эксперттер уюштурган жыйында ТүркПАнын түзүү документтери жана башка укуктук документтер боюнча пикирлер жана сунуштар талкууланды.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын төртүнчү жыйыны 2015-жылдын 29-апрелинде Бишкек шаарында болуп өттү. Кыргыз Парламентинде өткөн Комиссиянын жыйынына депутаттардан тышкары Азербайжандын, Казакстандын жана Түркиянын элчилери жана кызыкдар тараптары катышты. Түркия Парламентинин депутаты Халук Ипектин

төрагалыгы астында Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын өткөн жыйындын күн тартибинде «Шайлоо, шайлоо системалары жана Ассамблеянын ТүркПА мүчө мамлекеттерде шайлоолорго байкоо жүргүзүү иш-аракеттери» боюнча отчёт жана сунуштамалар киргизилди.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын бешинчи жыйыны 2016-жылдын 17-майында Анкара шаарында болуп өттү. Жыйын Түркия Парламентинин депутаты, Комиссиянын Халук Ипектин төрагалыгы астында өттү. Жыйынга Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан жана Түркия парламенттеринин депутаттары жана эксперттери катышты. “Киберкылмыштуулук менен күрөшүү: мыйзамдык базаны жана мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты өркүндөтүү” деген күн тартиптин негизги темасы талкууланды. Мындан тышкары, ТүркПАнын каржылык документтери, медалдар жөнүндө жобо жана 2016-жылдын 18-мартында Анкарада өткөн Мыйзам чыгарууну гармонизациялоо боюнча изилдөөнүн экинчи отурумунун жыйынтыктары талкууланды.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын алтынчы жыйыны 2018-жылдын 31-октябрында Баку шаарында болуп өттү. Жыйынга Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан жана Түркия парламенттеринин депутаттары жана эксперттери катышты. Жыйындын күн тартибиндеги негизги маселе “Терроризмге каршы мыйзамдарга ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн бирдиктүү мамилесин түзүү” болду.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын жетинчи жыйыны 2019-жылдын 1-мартында Астана шаарында болуп өттү. Жыйынга мүчө өлкөлөрдөн депутаттар жана эксперттер, мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү министрликтеринин өкүлдөрү, ошондой эле Эл аралык Түрк академиясы, Ахмет Йесеви атындагы Эл аралык Казак-Түрк университети сыяктуу башка мекемелердин өкүлдөрү чогулду. Жыйындын күн тартибиндеги негизги маселе катары “ТүркПА мүчө мамлекеттердеги жогорку билим берүүнүн эквиваленттүү процесси” деген маселеге баа берилди. “Материалдык эмес маданий мурастарды коргоо жөнүндө” моделдик мыйзам талкуудан өтүп Пленардык отурумдун кароосуна киргизилген.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын сегизинчи жыйыны 2021-жылдын 20-сентябрында онлайн форматта болуп өттү. Жыйынга Комиссиянын мүчөлөрү жана Катчылыктын өкүлдөрү катышты. Жыйын Казакстан Парламентинин депутаты, Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиянын Төрагасынын орун басары Сауытбек Абдрахмановдун төрагалыгынын алдында болуп өттү. Катышуучулар «ТүркПА мүчө мамлекеттер арасында туризмди өнүктүрүү: Ковид-19 эпидемиясынын таасири жана келечектеги күтүүлөр» темасын талкуулашты.

Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиясынын тогузунчу жыйыны 2022-жылдын 9-июнунда онлайн форматта болуп өттү. Жыйын Комиссиянын Төрагасы, Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын депутаты Эрол Кая мырзанын төрагалыгынын алдында жана Комиссиянын депутаттары менен Катчылыктын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өттү. Комиссиянын отчёту жана сунунштамалары Казакстан Парламентинин депутаты, Комиссиянын Төрагасынын орун басары Сауытбек Абдрахманов жана Комиссиянын Төрагасы Эрол Кайя тараптарынан баяндамалды жана бир добуштан кабыл алынды.

## 2.2. Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссия

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын биринчи жыйыны 2011-жылдын 24-25-ноябрында Астана шаарында болуп өттү. Жыйынды «Билге Коркут» программасы жана түрк мамлекеттеринин ортосундагы социалдык, маданий жана гуманитардык мамилелердин жаңы процесстери боюнча отчёт жана сунуштамалар талкууланды.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын экинчи жыйыны 2013-жылдын 5-апрелинде Анкара шаарында болуп өттү. Жыйында “Биргелешкен түрк терминология фондун түзүүнүн негизги маселелери” боюнча отчёт жана сунуштамалар талкууга ачылды.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын үчүнчү жыйыны 2014-жылдын 15-апрелинде Бишкек шаарында болуп өттү. Жолугушууда түрк мамлекеттеринин

алакасын чыңдоо максатында котормочулук ишин уюштуруу, атайын сөздөрдү чыгаруу жана «Түрк тилдер күнүн» өткөрүү маселелери талкууланды.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын төртүнчү жыйыны 2014-жылдын 2-декабрында Баку шаарында болуп өттү. Азербайжандын Милли Межлисинин депутаты, Комиссиянын Төраганын орун басары Севинч Гусейнова айымдын төрагалыгында өткөн жыйында ТүркПА мүчө өлкөлөр ортосундагы маалымат алмашууну арттыруу маселесине баа берилди.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын бешинчи жыйыны 2016-жылдын 24-майында Астана шаарында болуп өттү. Жогорку Кеңештин депутаты, Комиссиянын Төрагасы Садык Шер-Нияздын жетекчилиги астында өткөн жыйынга мүчө өлкөлөрдүн депутаттары, Түрк мамлекеттери уюмунун жана ТҮРКСОЙдун өкүлдөрү катышты.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын алтынчы жыйыны 2018-жылдын 14-сентябрында Бишкек шаарында болуп өттү. Жыйынды Жогорку Кеңештин депутаты, Комиссиянын Төрагасы Садык Шер-Нияз алып барды. Жыйындын алкагында Түрк кино күндөрүнүн ачылыш аземи жана эксперттик топтун жыйыны өттү. Жыйынга Маданият министрликтеринин өкүлдөрү, кинорежиссёрлор, Улуттук киностудиялардын өкүлдөрү, аниматорлор, киносерепчилер чогулушту. Жыйындын негизги күн тартибиндеги маселе “Кино жана анимация түрк мамлекеттериндеги түрк маданий мурасынын бир бөлүгү катары: мыйзамдар жана ишке ашыруу аспектилери” болду.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын жетинчи жыйыны 2019-жылдын 16-майда Анкара шаарында болуп өттү. Жыйындын негизги күн тартиби «Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүү максаттарынын алкагындагы гендер маселеси: ТүркПА өлкөлөрүндөгү заманбап үй-бүлөлүк баалуулуктар» болду.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын жетинчи жыйыны 2021-жылдын 20-сентябрда онлайн форматта депутаттардын жана Катчылыктын өкүлдөрүнүн

катышуусу менен өттү. Жыйынды Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин депутаты, ТүркПАнын Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиясынын Төрагасынын орун басары Низами Джафаров алып барды. Жыйындын негизги темасы “Пандемия мезгилиндеги ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн айыл аймактарынын социалдык абалы” болду. Жыйында «Кинематографияга жана аудиовизуалдык чыгармаларды чыгарууга чет элдик инвестицияларды тартуу» жана «Кинематография жөнүндө» моделдик мыйзам долбоорлору талкууланып, Пленардык отурумдун кароосуна киргизилди.

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча Комиссиянын тогузунчу жыйыны 2022-жылдын 22-апрелинде Баку шаарында болуп өттү. Жыйындын күн тартибиндеги негизги маселе “ТүркПА өлкөлөрүндө социалдык ишкердикти колдоо” болду. “Социалдык ишкердикти өнүктүрүү жөнүндө” моделдик мыйзам долбоору талкууланып, Пленардык отурумдун кароосуна киргизилди.

## 2.3. Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссия

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын биринчи жыйыны 2011-жылдын 27-28-октябрында Бишкек шаарында болуп өттү. Жыйын “ТүркПА мүчө мамлекеттердин экономикалык кызматташтык боюнча күтүүлөрү” деген негизги теманын негизинде өттү. Жыйындын күн тартиби боюнча кабыл алынган чечимдер бир добуштан кабыл алынып, Пленардык отурумдун күн тартибине киргизилди.

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын экинчи жыйыны 2013-жылдын 5-апрелинде Анкара шаарында болуп өттү. Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынында өткөн жыйында «ТүркПА мүчө мамлекеттерде инвестициялык чөйрөнү жакшыртуу» боюнча отчёт жана сунуштамалар талкууланды.

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын үчүнчү жыйыны Баку шаарында болуп өттү. Азербайжан Милли Межлисинде өткөн жыйынга Казакстан, Кыргызстан, Түркия жана кабыл алуучу өлкөнүн депутаттарынан турган Комиссиянын мүчөлөрү, Түрк мамлекеттери уюмунун жана Евро-Кавказ-Азия транспорт коридорунун (TRACECA) өкмөттөр аралык комиссиясынын өкүлдөрү катышты. Ошондой эле, жыйын алдында Транспорт министрлигинин жана депутаттык

комиссия өкүлдөрүнүн катышуусунда эксперттик топтун жыйыны өттү.

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын төртүнчү жыйыны 2014-жылдын 10-ноябрында болду. Жыйынды Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиясынын Төрагасы, Казакстан Республикасынын депутаты Серикжан Канаев алып барды. Жыйындын негизги күн тартиби «Түрк мамлекеттеринин энергетика чөйрөсүн өнүктүрүү тармагындагы кызматташтыгы» болду.

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын бешинчи жыйыны 2017-жылдын 7-декабрында Бишкекте ТүркПАнын 7-Пленардык отурумдун алкагында болуп өттү. Жыйындын негизги күн тартиби "Мүчө мамлекеттердин экономикасын диверсификациялоо" болду.

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын алтынчы жыйыны 2018-жылдын 27-28-сентябрында Анкара шаарында болуп өттү. Жыйында «ТүркПА мүчө мамлекеттерде инновациялык ишкердикте күтүүлөр» темасынын негизги күн тартиби талкууланды.

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын жетинчи жыйыны 2019-жылдын 8-апрелинде Баку шаарында болуп өттү. Жыйындын негизги күн тартиби «Жалпы технологияларды өнүктүрүү: ТүркПА өлкөлөрүнүн илим жана бизнес коомчулугунун көп тараптуу кызматташуусу» болду.

Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын сегизинчи жыйыны 2021-жылдын 20-сентябрда онлайн форматта болуп өттү. Жыйындын негизги темасы "Жашыл экономика: инновацияларды жана санариптештирүүнү мыйзамдык жактан колдоо тажрыйбасы" болду. Жыйында "Электрондук коммерция жөнүндө" моделдик мыйзам долбоору талкууланып, Пленардык отурумдун кароосуна киргизилди.

"Пандемиядан кийинки экономика: КОБту мамлекеттик колдоо" аттуу темадагы Экономикалык кызматташтык боюнча Комиссиянын тогузунчу жыйыны 2022-жылдын 20-майда Нур-Султан шаарында болуп өттү. Мүчө мамлекеттердин пандемия жана пандемиядан кийинки мезгилиндеги кичи жана орто бизнести колдоо боюнча иш-

чаралары боюнча тажрыйбаларды бөлүшүү жөнүндө талкуулоо болду.

## 2.4. Айлана-чөйрө, табигый ресурстар дана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссия

Айлана-чөйрө, табигый ресурстары жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссиянын биринчи жыйыны 2015-жылдын 2-апрелинде Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин мүчөсү, профессор, доктор Ахлиман Амирасланов тарабынан Анкарада өткөрүлдү. Жыйында «Түрк мамлекеттеринде чөлгө каршы күрөшүү» темасы талкууланды.

Айлана-чөйрө, табигый ресурстары жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссиянын экинчи жыйыны 2016-жылдын 24-ноябрында Баку шаарында болуп өттү. Жыйында «Глобалдык климаттык өзгөрүүлөр: ТүркПА мүчө өлкөлөр үчүн себептер жана кесепеттер» темасы талкууланды.

Айлана-чөйрө, табигый ресурстары жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссиянын үчүнчү жыйыны 2017-жылдын 22-июнунда Астана шаарында болуп өттү. Үчүнчү жыйындын күн тартибиндеги негизги маселе: "Мүчө өлкөлөрдө альтернативдик энергия булактарын өнүктүрүү". Жыйын энергиянын кайра жаралуучу булактарынын алкагында өткөн ЭКСПО-2017 Астана эл аралык көргөзмөсүнө байланыштуу болду.

Айлана-чөйрө, табигый ресурстары жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссиянын төртүнчү жыйыны 2018-жылдын 14-сентябрында Бишкек шаарында болуп өттү. Жыйындын негизги күн тартибиндеги маселе "Генетикалык модификацияланган организмдердин таралышынын таасири" болду.

Айлана-чөйрө, табигый ресурстары жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссиянын бешинчи жыйыны 2019-жылдын 30-майда Бишкек шаарында болуп өттү. Жыйындын күн тартибиндеги негизги маселе "Жаратылыш ресурстарын экологиялык жактан пайдалануу: мыйзамдык камсыздоо" болду. "Туризм жөнүндө" моделдик мыйзам долбоору талкууланып, Пленардык отурумдун кароосуна киргизилди.

Айлана-чөйрө, табигый ресурстары жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссиянын алтынчы жыйыны 2021-жылдын 20-

сентябрында онлайн форматта өттү. Жыйынды Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Саламаттык сактоо комиссиясынын Төрагасы, ТүркПАнын Айлана-чөйрө жана табигый ресурстары боюнча Комиссиясынын Төрагасы Ахлиман Амирасланов алып барды. Жыйында “Суу ресурстары жана жерди башкаруу” темасы талкууланды. Мындан тышкары, “Энергетикалык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу жана энергиянын натыйжалуулугу жөнүндө” моделдик мыйзам долбоору талкууланып, Пленардык отурумдун кароосуна киргизилди.

Айлана-чөйрө, табигый ресурстары жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссиянын жетинчи жыйыны 2022-жылдын 11-майда Анкара шаарында болуп өттү. Жыйындын күн тартибинин негизги маселеси “ТүркПА мүчө мамлекеттердин саламаттык сактоо системаларын гармонизациялоо” болду.

## 3. Шайлоого байкоо жүргүзүү

2010-жылдан бери ТүркПАнын байкоочу миссиялары мүчө мамлекеттерде Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан жана Түркияда жана боордош Өзбекстанда президенттик, парламенттик шайлоолорго жана референдумдарга байкоо жүргүзүп келет.

Шайлоого байкоо жүргүзүү ТүркПА ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Миссиялардын курамы ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн парламенттеринин депутаттарынан жана ТүркПА Катчылыгынын өкүлдөрүнөн түзүлөт.

ТүркПАнын байкоочулары шайлоо алдында Борбордук шайлоо комиссияларынын жетекчилери жана уюмга мүчө өлкөлөрдүн өкмөт өкүлдөрү менен үзгүлтүксүз жолугушат. ТүркПАнын байкоочу миссиясы шайлоо процессине анын бардык этаптарында байкоо жүргүзүп, шайлоо округдарын кыдырып, даярдык процессине баа берет. Байкоочу миссия шайлоонун бардык кызыкдар тараптары, анын ичинде шайлоочулар, шайлоо округдарынын өкүлдөрү, расмий адамдар, саясий жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушат.

Байкоочулар 2005-жылы Бириккен Улуттар Уюму тарабынан кабыл алынган Байкоочулардын жүрүм-турумунун эл аралык кодексинде,

Европа Кеңешинин Венеция Комиссиясынын сунуштарында жана башка эл аралык нормаларда баяндалган объективдүүлүк, ачыктык жана калыстык принциптерин сакташат.

Байкоочу миссиялар пресс-конференциялар аркылуу шайлоонун жана референдумдун жыйынтыктары жөнүндө коомчулук менен бөлүшөт. Ушул убакка чейин ТүркПА миссиясы жыйырма беш шайлоо процессинде шайлоого байкоо жүргүздү.

i. Казакстан Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо (20.11.2022)

ii. Казакстан Республикасынын Конституциялык Референдум (05.06.2022)

iii. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоо (28.11.2021)

iv. Өзбекстан Республикасынын Президентин шайлоо (24.10.2021)

v. Кыргыз Республикасындагы Конституциялык референдум (11.04.2021)

vi. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жана башкаруу формасын аныктоо боюнча референдум (10.01.2021)

vii. Казакстан Республикасынын Парламенттик шайлоо (10.01.2021)

viii. Азербайжан Республикасынын Парламенттик шайлоо (09.02.2020)

ix. Казакстан Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо (09.06.2019)

x. Түркия Республикасынын Президентин жана Парламенттик шайлоо (24.06.2018)

xi. Азербайжан Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо (20.04.2018)

xii. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо (15.10.2017)

xiii. Казакстан Республикасынын мөөнөтүнөн мурда Парламенттик шайлоо жана Маслихаттарга шайлоо (20.03.2016)

xiv. Түркия Республикасынын мөөнөтүнөн мурда жалпы шайлоо (01.11.2015)

xv. Азербайжан Республикасынын Парламенттик шайлоо (01.11.2015)

xvi. Кыргыз Республикасынын Парламенттик шайлоо (04.10.2015)

xvii. Түркия Республикасынын жалпы шайлоо (07.06.2015)

xviii. Казакстан Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо (26.04.2015)

xix. Азербайжан Республикасынын Президентин шайлоо (09.10.2013)

xx. Казакстан Республикасынын мөөнөтүнөн мурда Парламенттик шайлоо (15.01.2012)

xxi. Түркия Республикасынын жалпы шайлоо (12.06.2011)

xxii. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо (30.10.2011)

xxiii. Казакстан Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо (03.04.2011)

xxiv. Азербайжан Республикасынын Парламенттик шайлоо (07.11.2010)

xxv. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоо (10.11.2010)

## 4. Түрк кызматташтык институттарынын координациялык ишмердүүлүгү

Түрк мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА) көңүл бурган маселелердин арасында уюмга мүчө мамлекеттердин ортосундагы саясий диалогду өнүктүрүү да бар. Бул багытта ТүркПА түрк дүйнөсүндө саясий биримдикти орнотууга багытталган башка институттук механизмдерди активдүү колдойт.

Түрк мамлекеттеринин экономикалык, саясий жана маданий кызматташтыгынын бирдиктүү моделин түзүү максатында ТүркПА Түрк мамлекеттеринин уюму, ТҮРКСОЙ, Эл аралык Түрк академиясы жана Эл аралык Түрк маданияты жана мурасы фонду менен тыгыз кызматташтыкта.

ТүркПА түрк кызматташтык институттарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү бекемдөөгө өзгөчө маани берет. Ушул контекстте ал кызматташтыктын күн тартибин натыйжалуу ишке ашыруу

максатында Түрк кызматташтык институттарынын Координациялык комитетинин жыйындарына катышууда.

ТүркПА Түрк мамлекеттеринин уюму, ТҮРКСОЙ, Түрк академиясы жана Түрк маданияты жана мурасы фонду сыяктуу бир тууган уюмдар менен кызматташууну улантуу менен бирге, Түрк дүйнөсүнүн муниципалитеттер биримдиги сыяктуу уюмдар менен да тыгыз кызматташып келет. Түрк дүйнөсүнүн инженерлеринин жана архитекторлорунун, Ахмет Йесеви университетинин жана Кыргызстан-Түркия Манас университетинин.

## 5. Эл аралык чөйрөсүндөгү ишмердүүлүк

ТүркПА парламенттик дипломатияны регионалдык тынчтыкты, ишенимди, достукту жана эл аралык коомдук пикирди чыңдоо үчүн колдонот. Түзүлгөндөн бери ТүркПА эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүп жатат, анын аймактык жана глобалдык эл аралык мамилелер системасында көрүнүүсү анын ишмердүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Стратегиялык документте белгиленгендей, ал эл аралык кызматташтыкты көп тараптуу өнүктүрүүгө, алдыңкы эл аралык уюмдар менен байланышууга жана алар менен конструктивдүү кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүн издөөгө багытталган.

ТүркПА ошондой эле Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму (ЕККУ), Европарламент, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы жана Ислам Кызматташтык Уюму Парламенттик Биримдиги (PUIC) сыяктуу регионалдык уюмдарга карата парламенттер аралык дипломатияны ишке ашырат. Венгриянын Улуттук Ассамблеясы, Ислам Кызматташтык Уюмунун Парламенттик Биримдиги (PUIC) жана Кара деңиз Экономикалык Кызматташтык Уюмунун Парламенттик Ассамблеясы (PABSEC) ТүркПАда байкоочу статусуна ээ. Ошентип, ТүркПА парламенттик бирикмелердин арасындагы позициясын бекемдеп жатат.

2023-жылдын 23-февралында ТүркПА менен Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев демилгеси менен уюштурулган Кошулбоо кыймылынын Парламенттик тармагынын (КК

ПТ) ортосунда эки уюмдун кызматташуу максатында өз ара түшүнүү боюнча Меморандумга кол коюлду.

ТүркПА байкоочу статусуна ээ болгон уюмдар: Ислам Кызматташтык Уюмунун Парламенттик Биримдиги (PUIC), Парламенттер аралык союз (IPU), Парламенттердин Башкы катчыларынын Эл аралык союзу (ASGP), Кара деңиздин Экономикалык Кызматташтык Парламенттик Ассамблеясы (PABSEC), Азия Парламенттик Ассамблеясы (APA) жана Азиядагы кызматташтык жана ишеним чаралары боюнча Конференция (CICA).

Ошол эле учурда ТүркПА акыркы он беш жылдын ичинде көптөгөн эл аралык уюмдар менен биргелешкен иш-чараларды жүргүзүп, бирдиктүү иш негизге чогулду.

## II. КОРУТУНДУ

Парламенттик Ассамблеялар Бириккен Улуттар Уюмунун системасы жетектеген эл аралык коомчулукту бириктирген структуралардын арасында өзгөчө орунду ээлейт. Ассамблеялар бул маанилүүлүгү үчүн жарандардын шайлоо аркылуу пайда болгон эрки болгон парламенттерге милдеттүү. Бул багытта ТүркПА уюмга мүчө өлкөлөрдүн жарандарынан жана коомчулугунан жогорку өкүлчүлүк күчү менен глобалдык талкууларга катышуу менен тынчтык, коопсуздук жана өнүгүү үчүн эл аралык аракеттерге салым кошот.

Төрт мүчө-мамлекеттин парламенттерин бириктирген ассамблея катары ТүркПА ушул кезге чейин өз өлкөлөрүнүн экономикалык, социалдык-маданий жана мыйзам чыгаруу потенциалын өнүктүрүү боюнча олуттуу кадамдарды жасады. ТүркПА көп тараптуу саясий кызматташтык механизмдерин бекемдөөгө умтулат.

Мүчө мамлекеттердин парламенттери жана өкмөттөрү тынчтыкты, коопсуздукту жана саясий туруктуулукту орнотуу процессинде консолидацияга жетишүү үчүн, Түрк кызматташтыгынын жалпы максаттарына ийгиликтүү жетүү үчүн ТүркПА регионундагы мүчө мамлекеттер бардык тармактарда кызматташууну жандандыруу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланышы керек.

Мүчө мамлекеттердин парламенттик кызматташтыгы региондогу иш-чаралардын натыйжалуулугуна оң салым кошуп жатканы бул ачык бир нерсе. Ошол эле учурда мүчө мамлекеттердин

мыйзамдарындагы конвергенция интеграциялык процесстерди өнүктүрүү үчүн бекем негиз түзөт. Ушунун негизинде алган күч менен Ассамблеянын Түрк кызматташтыгынын башка институттары менен Түрк дүйнөсүнүн 2040-жылга карата жалпы максаттуу программасы болгон «Түрк дүйнөсүнүн көз карашын» натыйжалуу ишке ашыруу процессинде мүчө мамлекеттердин келечекте тыгыз кызматташуусу маанилүү.

Алдыңкы эл аралык форумдардын алкагында ТүркПАга мүчө-өлкөлөр бири-бирин колдоп, жалпы кызыкчылыктарын камтыган маселелер боюнча жалпы мамилелерди кабыл алышат. Бул контекстте ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин делегацияларынын алдыңкы парламенттер аралык институттарда үзгүлтүксүз жолугушуулары пайдалуу консультация механизми жана жалпы кызыкчылыктарды колдоо катары кызмат кылат.

Парламенттик деңгээлдеги мүчө мамлекеттердин кызматташтыгын ортосундагы өзгөчө ыкма катары, ТүркПА парламенттик дипломатияны өнүктүрүү жана байланыштар менен саясий, экономикалык жана социалдык-маданий чөйрөлөрдө жалпы кызыкчылыктарды интенсификациялоодо маанилүү ролду аткарат.